# КРЕДИТТЕР

*(2012-жыл, январь-сентябрь айлары)*

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




2012-жылдын 9 ай ичиндеги банктык кредиттөө рыногундагы жагдай 2011-жылы жогорулай баштаган тенденцияны сактоо менен мүнөздөлөт. Банк тутумунун кредит портфелинин сапаты жакшыргандыгы байкалган, мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын жана пролонгацияланган кредиттердин көрсөткүчтөрү төмөндөгөн. Кредиттердин наркы салыштырмалуу жогору бойдон калган: улуттук валютада жаңы кредиттер боюнча орточо чен 2011-жылдын деңгээлинде белгиленген, бул учурда чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен төмөндөгөн. Соода-сатыкты кредиттөө көлөмү портфелди түзүүгө негизги салымды кошкон. Банктардын кредит портфели түзүмүндө айыл-чарбасын кредиттөө, анын ичинде Өкмөттү иш-аракеттеринин эсебинен айыл чарба тармагын субсидиялоо үлүшү жогорулаган.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү 2012-жылдын акырына карата жыл башынан бери 15,8 пайызга жогорулап, 36,1 млрд. сомду түзгөн. Мында кредит портфелинин сом бөлүгү 13,3 пайызга жогорулап, 15,8 млрд. сом өлчөмүндө түптөлгөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү, жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтү 17,8 пайызга көтөрүү менен сентябрь айынын аягына карата сом эквивалентинде 20,3 млрд. сомду түзгөн.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында улуттук валютада банктардын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайыздык пунктка, 21,8 пайызга төмөндөгөн, чет өлкө валютасында 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 17,5 пайызды түзгөн.

Кароого алынган мезгилдин акырына карата тармактар боюнча банктардын кредит портфели төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн. Соода-сатык кредиттөөнүн негизги сектору бойдон калган. Кредит портфелинин ири бөлүгүн ээлеген соода-сатыкка кредиттердин үлүшү 2,1 пайыздык пунктка (40,7 пайызга чейин) төмөндөгөн. Ошондой эле кредиттердин салыштырма салмагы: башка кредиттер – 12,9дан 11,8 пайызга, ипотека – 9,6дан 9,4 пайызга, курулуш – 5,6дан 5,4 пайызга жана байланыш чөйрөсү 0,2ден 0,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

Айыл чарба (1,2 пайыздык пунктка, 13,9 пайызга чейин), керектөө (на 0,9 пайыздык пунктка, 9,7 пайызга чейин), өнөр жай (0,2 пайыздык пунктка, 5,5 пайызга чейин) кредиттеринин үлүшү жогорулаган. Транспорт, даярдоо жана кайра иштетүү чөйрөсүнө кредиттер мурдагыдай эле аз үлүштү – болжол менен суммардык 0,6 пайызды түзгөн.

Өз кезегинде көпчүлүк банктардын портфелдери айрым тармактарда жогорку концентрацияланган бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрациялануусун көрсөтүүчү индекс 0,45 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттери негизинен эки тармак ортосунда бөлүштүрүлгөнүн көрсөтөт.

Мындан тышкары, ар бир тармактагы өзүнчө кредиттердин концентрациялануусу орточо болгон: 11 тармактын ичинен 7 тармакта индекстин мааниси 0,17ден көбүрөөк көрсөткүчтү түзгөн, бул ушул тармактарда аз сандагы банктардын катышкандыгын билдирип турат.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,10 деңгээлинде сакталган, ал 10 банк ортосунда рыноктун бөлүштүрүлүшүнө барабар.

Өзүнө 1 жылдан 3 жылга чейинки кредиттерди камтыган узак мөөнөттүү кредиттердин жалпы үлүшү 74,2 пайызга чейин (+1,0 пайыздык пункт) жогорулаган, бул өз кезегинде банктык кредит портфелин түзүүчү кыска мөөнөттүү кредиттердин үлүшүн 22,4 пайызга (-0,4 пайыздык пункт) чейин эквиваленттүү төмөндөөгө алып келген. Ошентип, дюрация көрсөткүчү жылдын биринчи тогуз айы үчүн 28,3төн 27,9 айга чейин бир аз төмөндөгөн, жалпысынан бул түзүлгөн жагдайды 3 жылдан кем мөөнөткө берилген кредиттердин салыштырмалуу активдүү өсүшү менен чагылдырат.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Кароого алынган мезгил ичинде кредит портфелинин сапаты жакшыргандыгы байкалган: сентябрь айынын акырына карата мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин үлүшү 3,4 пайызды (2012-жылдын башына карата – 3,9 пайыз), ал эми пролонгацияланган кредиттердин үлүшү 4,1 пайызды (2012-жылдын башына карата – 4,7 пайыз) түзгөн.

2012-жылдын тогуз айы ичинде жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 26,9 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдын ушул эле мезгилинде берилген суммадан 15,5 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 7,4 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагы – 23,6 пайызга көбөйгөн.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 22,8 пайызды түзүп, 0,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Чет өлкө валютасындагы чен да 0,5 пайыздык пунктка, 19,1 пайызга төмөндөгөн.

Кредиттердин негизги көлөмү бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө берилген (12,4 млрд. сом), бирок кыска мөөнөттүү кредиттөөнүн салыштырма салмагы 2,0 пайызга 29 пайызга чейин жогорулаганына байланыштуу жаңыдан берилген кредиттердин убактылуу түзүмүндөгү узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 2,0 пайыздык пунктка, 71,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Мында кыска мөөнөттүү кредиттөөнүн түзүмүндө 3-6 ай мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшү тиешелүү – 11,5 пайызга өскөн. Ушул себептерден улам, жаңыдан берилген кредиттердин дюрация көрсөткүчү 25,9дан 25,4 айга чейин төмөндөгөн.

Соода-сатыкты кредиттөө көлөмүнүн өсүшү мурдагыдай эле банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн маанилүү фактору болуп саналат. Соода тармагына берилген кредиттердин көлөмү 4,1 пайызга өскөн. Жаңыдан берилген кредиттердин түзүмүндө бул тармак мурдагыдай эле кыйла маанилүү (49,8 пайыз) болуп эсептелет. Кароого алынган мезгил ичинде 12,9 пайыз өлчөмүндөгү үлүшү менен айыл чарбасын кредиттөө жогорулагандыгы (20,3 пайызга) байкалган. Керектөө кредиттери 31,5 пайызга өскөн, бул алардын үлүшүн 1,4 пайыздык пунктка, 11,5

пайызга өсүшүнө алып келген. Мындан тышкары, берилген ипотека кредиттеринин көлөмү 23,9 пайызга жогорулаганы байкалган, мында алардын үлүшү 4,4төн 4,7 пайызга чейин көбөйгөн. Өнөр жайга, транспортко, байланышка, даярдоого жана кайра иштетүүгө, курулушка жана социалдык кызматтарга берилген кредиттердин салыштырма салмагы суммада 10,1 пайызды түзгөн. “Башка” кредиттердин үлүшү 1,3 пайыздык пунктка өсүп, 10,9 пайызды түзгөн.

Улуттук валютада жана чет өлкө валютасында да жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүшү тармактар боюнча ар тараптуу болгон. Улуттук валютада кредиттер боюнча чендердин төмөндөшү транспорт, байланыш, соода-сатык, керектөө жана “башка” кредиттер сыяктуу тармактар боюнча төмөндөгөнү байкалган. Мында эң төмөнкү чендер менен кредиттер улуттук валютада айыл чарбасына, ипотекага жана «башка» кредиттери боюнча (орточо алганда мезгил ичинде тиешелүү 21,0; 21,0 жана 20,4 пайыз), эң жогорку чен менен – керектөө максаттары үчүн (27,1 пайыз) берилип турган.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Чет өлкө валютасында чендер, социалдык кызмат көрсөтүүлөр менен даярдоо жана кайра иштетүүдөн тышкары, бардык тармактар боюнча төмөндөгөн. Кыйла жогорку чен менен чет өлкө валютасында кредиттер транспорт, даярдоо жана кайра иштетүү чөйрөсүнө (орточо алганда тиешелүү 22,2 жана 20,8 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен менен – курулушка (орточо алганда мезгил ичинде 14,0 пайыз) берилип турган.